кырг
83.8
Н28

Миргүл Наралиева

# ҮКӨК



Кырг
83.8
Н 28

Миргүл Наралиева

# ҮКӨК



*Сүрөтчү*

Таттыбүбү Ырысбай

Бишкек 2023

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

УДК 821.51-93
ББК 83.84
Н 28

Н 28 Наралиева Миргүл
**«Үкөк»** / Сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай.
– Б.: «Имак Офсет», 2023. 12 б.

ISBN 978-9967-33-249-2

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

CC BY

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

ISBN 978-9967-33-249-2

УДК 821.51-93
ББК 83.84

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36192 б/р



Жайкы каникул. Кымбат менен Бектур айылдагы таенесинин үйүнө келишти. Мээримдүү жана камкор таенеси алардын келерин көптөн бери күтүп жүргөн.

– Таене, сиз жасаган тамактар өзгөчө даамдуу, – деди Бектур алдына коюлган каттаманы жеп жатып.

– Мен да сиздин тамагыңызды абдан сагындым, – деп Кымбат тамшанып койду.

– Даамдуу тамак айылда болбогондо кайда болмок? – деди таенеси тамак жеп жаткан неберелерине ыраазы болуп.

– Таене, ушул кооз сандыкта эмне бар? – деди Кымбат.



– Мында эмне гана жок, баары бар, – деп жылмайды таенеси.

– Көрсөтүңүзчү, – деп суранды Кымбат.

– Макул, колуңарды жууп келгиле анда, – деди таенеси.

– Балдарым, бул – менин чоң энемден калган сандык. Аны үкөк деп атайбыз. Үкөктү илгери жыгач усталар кооздоп жасашкан. Үкөк үйгө өзүнчө көрк гана бербестен, абдан пайдалуу буюм болуп эсептелчү. Мунун ичине баалуу буюмдарды салууга болот. Ал кийимди, буюмду күбөдөн жана чаңдан сактайт.

– Анда бул үкөктө баалуу буюмдар бар экен да, ээ, таене? – деди Кымбат кызыгып.

– Ооба, кызым. Чоң энемдин атасы колунан көөрү төгүлгөн жыгач уста болгон экен. Үкөктү жыгачтан жасап, кооздоп, боёп да койгон. Бул боёк ошондон бери өчө элек.

– Кандай керемет! Кооз экен, ээ? – деди Кымбат үкөктүн бетин сылап жатып.

Менин чоң энем бул үкөккө өзүнө керектүү буюмдарын салчу экен – деп үкөктү акырын ачты.

– Сиздин үкөгүңүз планшеттей го. Ичинде эмне кааласаң баары бар, – деп Бектурдун көзү жайнады.

– Таене, бул жоолук сонун экен, – деп Кымбат чачпактарын кармалады.

– Бул өзгөчө баалуу жоолук. Саймасы кооз сайылган. Илгери Жибек-Жолу менен каттаган соодагерлерден чоң энемдин атасы бир жылкыга алмашып алыптыр. Аны жубайына белек кылып бериптир. Бул аппак жибек жоолук ага абдан жарашып, элдер суктанышчу экен.

– Ай-ий, абдан жумшак тура. Мага аябай жакты, – деп Кымбат суктанды.

– Бул эмне таене? – деп Бектур үкөктөгү баштыкты көрсөттү.

– А, балам, бул – согуштан келген каттар.

– Ой, үч бурчтуу каттар го!

– Ооба, ал кезде каттарды жазып, үч бурчтук кылып бүктөп, почта аркылуу жиберишкен. Чоң энемдин





эки баласы, агаларым согушка барып, кайтып келбей калышыптыр. Алардын жазган каттары. Атам согуштан кийин төрөлгөн. Чоң энем  бул каттарды мага көп окутар эле. Баарын жаттап алгам. Мен катты окуганда, чоң энемдин көзүнөн жашы сызылып агып турчу. Чоң энемди абдан аячумун.

– Таене, а булар эмне? – деди Кымбат үкөктүн ичине колун сунуп жатып.

– Бул – седеп, маржан. Чоң энемдин шурулары. Кызына атасы дайыма ушундай сонун мончок-шуруларды сатып берчү экен. Мен жаш кезимде көп тагындым.

– Мен да тагынсам болобу?

– Болбой анан. Сага ылайыктуу кылып шуруларды кооздоп тизип берем.

– Рахмат, таене, – деди Кымбат кудуңдап.

– А бул кездемеге оролгон эмне болду экен? – деп Бектур үкөккө үңүлдү.

– Муну азыр көрсөтөм. Мынакей, – деди таенеси оролгон кездемени ачып жатып.

Бектур менен Кымбаттын көздөрү ого бетер жайнады.

– Чий куурчак! – деп Кымбат так секирип сүйүндү.

– Ооба, бул – чоң энемдин кичине кезинде ойногон чий куурчагы. Көрдүңөрбү, көйнөгүнүн саймасын. Кандай гана кооз! Ушул үкөктө көп куурчактары болгон экен. Мага ушул чий куурчагын берген. Мен акырын ойноп, кайра ушинтип бекитип койчумун. Эми бул куурчак сеники болот, – деди чоң энеси.

– Ой, чоң эне, ыракмат! Мен бул куурчакты шаарга ала кетем. Курбуларыма көрсөтөм. Аларга да абдан жагат болушу керек, – деди Кымбат сүйүнгөнүн жашыра албай.

– Улуулардан калган аздек буюмду силер дагы баалай билгиле, балдарым. Бул үкөктүн жасалганына жүз жылдан ашты. Ичиндеги буюмдар көп жылдан бери үкөктө сакталуу. Буюмдардын ар биринин  өз тарыхы бар.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 361926

– Кудум эле википедиядай го, – деди Бектур жылмайып.

– Ооба, ошондой, – деп таенеси неберелерин кучактады.

Кымбат менен Бектур шаарга келгенден кийин, досторуна таенесинин үкөгү жөнүндө божурап айтып берип жатышты. Телефондон да үкөктүн сүрөтүн көрсөтүштү. Кымбат чий куурчагы менен да мактанганды унуткан жок. Курбулары да ушундай кооз чий куурчак жасаганга кызыгып калышты...



РБДЮ
36192 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт

*Автор*
Миргүл Нарaлиева

*Сүрөтчү*
Таттыбүбү Ырысбай

*Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот*

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg